Сүйүү обону

Күн дейинби сени күндөйүм,
Гүл дейинби кызыл гүлдөйүм.
Баары, баары сага жарашат,
Эмне дейин айтчы ким дейин?
Күнүм десең жарык чачайын,
Гүлүм десең гүлдөп ачайын.
Эркелетсең мейли эмне деп,
Эркең болуп сенин жашайын.
Кайырма; Жаныңда жаным,
Сенин болоюн.
Багына бактым,
Барып коноюн.
Тыңшачы жаным,
Ортобуздагы.
Жаңырып жаткан,
Сүйүү обонун.
Ай дейинби сени айдайым,
Асел дейим ширин балдайым.
Арууза тым арзуу сезимди,
Ак сүйүүмдү сага арнайын.
Айым десең түндө төлөйүн,
Асманыңа бийик коноюн.
Жол көрсөтүп сага түндөсү,
Жарыгың мен сенин болоюн.
Кайырма;